**Шарыпбек Абдылдаев атындагы орто мектебинин 2022-2023-окуу жылынын №3 Педагогикалык кеңештин**

# ПРОТОКОЛУ

**Кара-Тоо айылы. Мектеп көчөсү №4** **2-февраль 2023-жыл**

**Педагогикалык кеңештин төрагасы: Т. Исаев**

**Катчы: Качкынбекова Ж.**

**Шарыпбек Абдылдаев атындагы орто мектебинин мугалимдеринин жалпы саны -26**

**Педагогикалык кеңешке катышкан мугалимдердин саны - 23**

**Күн тартиби:**

1. 1- жарым жылдыктагы окуу-тарбия иштеринин жыйынтыгы боюнча (маалымат берет ОББ Абдыракманова К)
2. Математика, физика, информатика, музыка, технология жана дене тарбия предметтеринин окутуунун абалы боюнча (маалымат берет ОББ. Абдыракманова К)
3. Класс жетекчинин ишмердиги жана класстык тарбия сааттардын өтүлүшүнүн абалы боюнча (маалымат берет ТИУ. Бекитаева Н.)
4. Көмөкчү чарба боюнча финансы комиссиясынын отчёту.
5. Ар кандай маселелер ( аккредитация, ЖРТга, ББСБУБ тестине даярдоонун абалы,)

**1-маселе**

**Сүйлөдү: ОББ Абдыракманова К.** Урматтуу агай-эжейлер 2022-2023-окуу жылындагы 2-чейректин жыйынтыгы төмөнкүдөй болду.
$1^{а}$-класста 14/6
$1^{б}$-класста 16/4
2-класста 17/3, 1/0 окуучу инкюз.окууда бирок 2-класстын санына кошула берет
$3^{а}$-класста 21/12 отлич.8/5, удар.6/5 билим сапаты 66%
$3^{б}$-класста 20/8 отлич.1/0, удар.12/8 билим сапаты 65%
4-класста 18/6 отлич. 4/2, удар. 7/3 билим сапаты 61 %
Башталгыч класстардын жалпы саны 106/39. Жалпы отлич.13/7, удар.25/16 болду. Жетишүүсү 63% түздү.
5-класста 31/18 отлич.9/6, удар.11/6 билим сапаты 65%
$6^{а}$-класста 18/8 отлич.5/2, удар.8/5 билим сапаты 72%
$6^{б}$-класста 19/6 отлич.3/2, удар.8/3 билим сапаты 58%
$7^{а}$-класста 19/9 отлич.4/1, удар.7/4 билим сапаты 53%
$7^{б}$-класс 18/10 отлич. 1/1, удар. 7/6 билим сапаты 47%
$8^{а}$-класста 25/13 отлич. 3/2, удар.8/4 билим сапаты 44%
$9^{а}$-класста 16/5 отлич.жок, удар.7/5 билим сапаты 44%
$9^{б}$-класста 17/6 анын ичинен 1 инклюз.окууда 15/6 отлич.1/1, удар.4/1 билим сапаты 33%.
5-9-класстар 163/75 окуучу аяктады. Жалпы отлич.26/5, удар.60/34 болду. Жетишүүсү 53% түздү.
10-класста 12/4 отлич. жок, удар 8/3 билим сапаты 67%
11-класста 7/5 отлич.2/2, удар.3/3 билим сапаты 71% .
10-11-класстар 19/9 окуучу аяктады. Жалпы отлич.2/2, удар.11/6 болду. Жетишүүсү 68% түздү.
Жалпы окуучулардын саны 288/123 анын ичинен 41/24 отличник, ударник 96/56 болду. Жетишүүсү 56% түздү. 0-класста 13/4 окуучу окуп жатат.
Жалпысынан ушундай билим сапатка ээ болду. Салыштырмалуу билим сапатынын пайызы жогорулоодо. Даярдоо классы менен 17 класс комплекти окуп жатат.

**Угулду: мектеп директору Т. Исаев:** Билим сапаты боюнча эң төмөнкү пайызды алган класстар кайсылар болду?

**Сүйлөдү**: **Абдыракманова К.** Проценти эң төмөнкү класс 9$^{б}$-класс 33% болуп калды.

**Сүйлөдү**: **Байматова Д.** Бир окуучу физика сабагынан 3 чыгып калганына байланыштуу болду. 3-чейректе аракеткылып жакшы окуйм деп убадасын берди.

**Сүйлөдү**: **Абдыракманова К.** 2-чейректе башталгыч класстардын жана табигый илимдер секциясынын декадасы болду. Мурункуга салыштырмалуу интерактивдүү методдорду натыйжалуу колдонуп жатышты. Жетишкендиктери жана кемчиликтери талкууланды. Мындан ары дагы жаңы методдор менен иштешүүгө милдеттендирилди.

Ачык сабактар өз убактары менен өтүлүп жатат.

Улуттук олимпиадага онлайн форматта физика сабагынан 8-класстын окуучулары катышты, жыйынтыгы чыга элек.

ПИЗАтесттери боюнча математика, окуп-түшүнүү, табият таанудан тесттер алынган. Математика 57%, окуп-түшүнүүдөн 62%, табият таануудан 77% болгон. Ошондой тесттерди ар бир айда алып, анализ жүргүзүп турушубуз керек. Иш алып барыңыздар. Диаграмма түзүп аныктап турушубуз керек.

Аккредитация боюнча өзүн-өзү баалоодон өтүп атабыз. Мында 5 жыл ичиндеги жетишкендиктерди карайт экенбиз. Даярдык көрүп жаткан кесиптештерге терең ыраазычылык билдирип кетмекчимин.

Предметтик олимпиадада быйыл тилекке каршы оозго алаарлык жыйынтык болгон жок. Анын себеби даярдык өтө аз деп эсептейм.
Орус тил сабагынан Табылдиева М. 77 окуучу катышып 8-орунду алды. Мугалими Качкынбекова Ж
Орус тил сабагынан Темирбек к. А. 77 окуучу катышып 73-орунду алды. Мугалими Имашева Б
Орус тил сабагынан Токтомушов Ж. 77 окуучу катышып 46-орунду алды. Мугалими Имашева Б
Англис тили сабагынан Садыкова А. 64 окуучу катышып 20-орунду алды. Мугалими Туратбек к. А
Англис тил сабагынан Женишов Ж. 64 окуучу катышып 23-орунду алды. Мугалими Туратбек к. М
Англис тил сабагынан Болотова М. 64 окуучу катышып 49-орунду алды. Мугалими Ырысбаева Г
Алгебра сабагынан Таалайбек у. Н. 75 окуучу катышып 9-орунду алды. Мугалими Өмүралиева С
Алгебра сабагынан Бакытбек у. Ы. 75 окуучу катышып 8-орунду алды . Мугалими Өмүралиева С
Кыргыз тил сабагынан Жумабек к.Т. 79 окуучу катышып 40-орунду алды. Мугалими Жолдошбаева Н
Алгебра сабагынан Таалайбек у. Н. 75 окуучу катышып 9-орунду алды. Мугалими Өмүралиева С
Кыргыз тил сабагынан Канатбекова С. 79 окуучу катышып 6-орунду алды. Мугалими Дүйшөнбиева Ф
Кыргыз тил сабагынан Майрамбекова Н. 79 окуучу катышып 65-орунду алды. Мугалими Кыяз к. А

География сабагынан Таалайбек у. Э. 53 окуучу катышып 30-орунду алды. Мугалими Байматова Д

География сабагынан Нурбек у. С. 53 окуучу катышып 30-орунду алды. Мугалими Токтобекова Н

Химия сабагынан Мунарбек к.Н. 50 окуучу катышып Мугалими Акматова М

Тарых сабагынан Жумабаева А. 58 окуучу катышып 9-орунду алды. Мугалими Бекитаева Н

Физика сабагынан Нурмамбетова А. 42 окуучу катышып 9-орунду алды. Мугалими Абдыракманова К

Физика сабагынан Жанабилов У. 42 окуучу катышып 32-орунду алды. Мугалими Абдыракманова К

**Угулду: мектеп директору Т. Исаев:** Урматтуу кесиптештер ПИЗА тести боюнча ишти токтотпой аткарыңыздар. Ал эми предметтик олимпиадан эң төмөнкү балл алып калган окуучуларды даярдаган кесиптештер оюнуздар кандай?

**Сүйлөдү: Имашева Б.** Бул окуучу сабактан көп калды. Ошол себептен даярдыгы аз болуп калды. Ал эми жакшылык болсо үйүндө шарты жакшы болбой калды окшойт.

**Сүйлөдү: Кыяз к. А.** Назима быйыл биринчи жолу барып атат, ата-энеси дагы шартты аз түзүп берип коюшту. Түштөн кийин жибербей.

**Сүйлөдү: Токтобекова Н.** Сыймык барбайм дегенине карабай барып кел деп болбой алып баргам, баланын көңүлү жок деңгээли ошол болуп калды.

**Сүйлөдү: Ырысбаева Г.** Медина тесттен оор болуп калды деп чыкты. Кийинки жылы аракет кылам.

**Угулду: мектеп директору Т. Исаев.** Жалпысынан даярдык кандай болуп атты?

**Сүйлөдү: ОББ. Абдыракманова К.** Таптакыр даярдабай койгондор болгон жок. Бирок, жетишээрлик болбой калды.

**Угулду: мектеп директору Т. Исаев.** Окуучу ийгиликке жетсе өзүбүздүн эле жүзүбүз. Иш алып барыңыздар жакшы жыйынтык чыккыдай кылып. Ал эми ОРТга даярдоонун абалы кандай боуп атат?

**Сүйлөдү: ОББ. Абдыракманова К.** ОРТга даярдоону толук эми баштайбыз себеби: өздөрү дагы Бишкекке окууга барып келип атышты, олимпиадага даярдык болуп атты.

Кошумча тандай турган предметтерин тактап, 1-кундөн тартып даярдык башталат.

УТБнун тестинин жыйынтыгы боюнча 11-класстан Канатбекова С. тарыхтан 5, кыргыз тилден 4; Сагынбекова Н. англис тилинен 2, кыргыз тилден 4; Садыкова А. географиядан 4, англис тилден 4; Таалайбек у. И. Географиядан 4; Табылдиева М. химиядан 4; Чойбеков А. географиядан 2, кыргыз тилден 4 алыптыр.

10-класстан Беказиев А. тарыхтан 4; Болотова М. тарыхтан 4; Жанабилов У. тарыхтан 4; Жолдошбеков У. географиядан 3, тарыхтан 4; Орозакунова А. орус тилден 2; Таалайбек у. Э. географиядан 3, тарыхтан 5; Таалайбеков Н. географиядан 2, тарыхтан 5; Темирбек к. А. орус тилден 2; Токтомушов Ы. географиядан 2 алышыптыр.

**Угулду: мектеп директору Т. Исаев.** УТБнун тестинин жыйынтыгы дагы чоң мааниге ээ. Ошондуктан 8 күндөн кийин боло турган тестке даярдаңыздар.

**2-маселе**

**Сүйлөдү: ОББ. Абдыракманова К.** Жылда бул предметтерден тест, жат жазуу, текшерүү иштерин алып турчубуз. Быйыл аккредитациянын документтерин даярдоо болуп жетишпей калдык. Иштер алынган бирок жыйынтык чыгарылбай калды.

**Угулду: мектеп директору Т. Исаев.** Аккредитациянын документтерин даярдоо дагы эжейлерге чоң түйшүк болуп атат. Ошондуктан кийинки пед.кеңешке жылдырууга кандай дейсиздер? Макул болсоңуздар кийинки маселеге өтө берели.

**3-маселе**

**Сүйлөдү: ТИУ. Бекитаева Н.** Класс жетекчилердин иш алып баруусу боюнча 2-чейректе 28-ноябрда "Кыялдануу жана кыялга саякат" деген темада ачык тарбиялык саатты Макешова Э. $6^{б}$-класска өттү. Андан тышкары өтүлгөн иш чаралар өз убагында, уюшкандык менен өтүлүп жатты. "Кыргыз ССРнин Эл жазуучусу, драматург Т.Абдымомуновдун 100 жылдыгына карата иш план боюнча 9-11-класстар 25-ноябрда темага ылайык ачык сабактарын өтүштү. Т.Абдымомуновдун чыгармачылыгын баяндоо тууралуу 7-8-класстар 28-ноябрда класс жетекчилери Дүйшөнбиева Ф, Ырысбаева Г, Токтобекова Н. аттуу класс жетекчилер темаларын өтүштү. Т.Абдымомуновдун ишмердүүлүгү тууралуу $6^{а}$-$6^{б}$-класстарга Макешова Э. жана Туратбек к.А аттуу класс жетекчилер өттү. Т.Абдымомунов атындагы Кыргыз драм театры тууралуу 3-4-класстар өтүштү. 12-декабрь Улуттук адабият күнүнө карата иш план боюнча 8-декабрь $9^{а}$-$9^{б}$-класстарга Ч.Айтматовдун өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу Жолдошбаева Н. жана Кыяз к.А. аттуу эжейлер ОББнын, класс жетекчилердин, жюрилердин катышуусунда иш чара өтүштү. 9-декабрда "Миллион сынагы" боюнча Дүйшөнбева Ф, Жолдошбаева Н. аттуу эжейлер менен биргеликте 10-11-класстарда сынак өткөрүлдү. 12-декабрда 7-8-класстарда "Аалам алпы Айтматов" деген таймаш болуп өттү. 13-декабрда $6^{а}$-$6^{б}$-класстарга "Айтматовдун чыгармалары чет тилинде" Туратбек к А. өттү. Ал эми Качкынбекова Ж. 4-класстарга тиешелүү ырларды көркөм окутту. "День национальной литературы" деген темада Макешова Э. 8-класстын окуучуларына ырларды айттырды.

Музыка ийримине окуучулар кызыгуу менен катышып атышат. Бий ийримине 20 окуучу, ыр ийримине 20 окуучу катышат. Онлайн окуунун учурунда бир аз токтоп калган. Дене тарбия ийримине 21 окуучу волейбол оюну боюнча катышып жатышат.

Сабактан себептүү, себепсиз калган окуучулар жана кечиккен оуучулар менен иш алып баруну токтотпойбуз. Биринчи чейрек менен салыштырмалуу жылыш бар.

**4.маселе Сүйлөдү:** Көмөкчү чарбанын жетекчиси Турсуналиев Ш.

Урматтуу кесиптештер, сиздерге маалым болгондой быйыл 1 гектарга картошка, 2 гектарга арпа жана 1 гектарга чөп айдаганбыз түшүм ырас эле болду. Ал эми акча тыйын боюнча отчётту Жунусова Майрам эжей берсе деген сунушум бар.

**Сүйлөдү:** финансы комиссиясынын мүчөсү Жунусова М.

**Агай-**эжейлер. Менин отчётум төмөнкүдөй;

| Кириштелген акча каражаттары | Чыгышталган акча каражаттары |
|---|---|
| 2019-жыл | 2019-жыл |
| Картошка 7*6300кг=44100сом<br>6*530кг=3180сом | 500сом мешок<br>500сом тараза<br>900сом налог<br>730сом эл.зым |

| | |
|---|---|
| | 490сом саат |
| 2019-жылдагы жалпы 47280сом кириштелди | 2019-жылда жалпы 3120сом чыгышталды |
| 2020-жыл | 2020-жыл |
| 12*1400кг=16800сом<br>2500сом отун<br>8000сом отун<br>280сом картошка<br>220сом сырдан арткан акча каражаты<br>73227сом картошка<br>7000сом чөп<br>3800сом арпа<br>3800сом арпа<br>1750сом саман<br>5000сом арпа<br>3800сом арпа<br>1000сом картошка | 3000сом ашкана<br>6000сом суу мотор<br>2500сом элек. Пров<br>900сом мед. Халат<br>1200сом компьютер ондоо<br>35800сом жер айдоо<br>1500сом картошка культ<br>2500сом картошка культ<br>3000сом чөп чапканга<br>750сом Нарынга барууга<br>1300сом оформ сентябрь<br>850сом коврик<br>350сом чатырга<br>400сом обед арпага<br>1000сом обед картошка<br>500сом картошка ташууга<br>750сом мугалимдер кунуно грамота<br>700сом антисептик<br>2100сом жылыткыч<br>120сом фильтр<br>700сом трансфарматор айнеги<br>230сом налог<br>2000сом майыптар кунуно<br>5100сом транфарматор ондоого<br>1350сом ашканага<br>2200сом санитайзер<br>700сом коврик<br>300сом парта ондоого |
| 2020-жылда жалпы 120177сом кириштелди | 2020-жылда жалпы 77800сом чыгышталды |
| 2021-жыл | 2021-жыл |
| **70 сом принтерди ондоодон ашкан акча**<br>**43500сом картошка**<br>**17100сом отун**<br>**1500сом арпа**<br>**1500сом арпа**<br>**700сом картошка**<br>**15000сом 1-чабык чөп**<br>**6000сом 2-чабык чөп**<br>**3000сом мектептин жанындагы чөп**<br>**6000сом 2-чабык чөп**<br>**97270сом картошка**<br>**19000сом саман**<br><br>**55000сом саман**<br>**50388сом картошка**<br><br>**2019-2020-2021-жылдагы акча каражаты жалпы**<br>**488985сом кириштелди**<br>**84900сом акчаны долларга алмаштырылды**<br>**573885сом**<br>**273883 чыгышталды (79400сом долларга алмаш)**<br>**300002сом депозитке салынды (18.11.2021)** | **300сом ысык тамак ун алуу**<br>**740сом тазалоочу каражат алуу**<br>**1000сом тех. кызматкерлерге**<br>**1690сом кабель резетка**<br>**10000сом бак жулдуруута**<br>**53515сом жер айдоо**<br>**17300сом талаа иштерине**<br>**5000сом марафонго (Усубалиев)**<br>**3000сом (краска шнур раствор )**<br>**21018сом картошка казууга, ашканага, насос,при** |
| | |
| 2021-жылдагы жалпы 316028сом кириштелди | 2021-жылдагы жалпы 113563сом чыгышталды |

| | |
|---|---|
| 2022-жыл | 2022-жыл |
| 197312сом картошка, чөп, саман,арпа | 11350сом талаа иштерине<br>7825сом 1-чабык чөп чабуу, престөө, май<br>19250сом 2-чабык чөп чабуу, престөө, май<br>24266сом картошка казуу ашкана штраф<br>26394сом суу чыгарууга, электр жабд<br>9884сом замок вешолка элекр жабд<br>3300сом краска, жаны компьютерге жол кире |
| 2022-жылдагы жалпы 197312сом кириштелди | 2022-жылда жалпы 102269сом чыгышталды |
| Жалпы 2022-жылга<br>197312сом кириштелген<br>107689сом чыгышталган акча каражаты<br>89623сом калды | |
| | 2500 мыкты класс<br>1000 сом мыкты класс<br>1920сом видеокөзөмөлдү ондоо |
| | 2023-жылы 5420сом чыгышталды |

**5-маселе**

**Угулду: мектеп директору Т. Исаев** Урматтуу кесиптештер, баардыгыңыздарга маалым болгондой үч айдан бери өзүн-өзү баалоо боюнча комиссия отчет түзүү боюнча иш алып барып жатат. Бул мектебибиздин жетишкендиктерине жана кемчиликтерине дагы бир ирет көз чаптырууга мүмкүнчүлүк берди. Жетишкендиктерибиз менен катар кемчиликтерибиз дагы бар. Алар биринчи кезекте ЖРТ, Предметтик олимпиада, “Алтын тамга” тестинин жыйынтыктарына тиешелүү. Эми ушул маалыматтарды АСУЛА системасына жүктөшүбүз керек.

Сүйлөдү: мектептин профкому Д. Байматова. Агай-эжейлер, аккредитация боюнча отчетубуз даяр болгон соң АСУЛА системасына жүктөйлүк. Кемчиликтерибизди кийинки аккредитациялоого чейин жоюу

Андан тышкары телефон маселесин өтө кылдаттык менен карабаса курчуп баратат. Жоготуп алса дагы чоң маселе жаратат. Сабакка тоскоол болот. Иш алып барыңыздар.

Аккредитация боюнча тиешелүү эжейлер чоң жоопкерчиликтүү иш алып барып жатышат, ыраазычылык билдирип кетет элем.

Күн тартибиндеги маселени талкуулап педагогикалык кеңеш

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 1- жарым жылдыктагы окуу-тарбия иштеринин жыйынтыгы канааттандыраарлык деп табылсын, ошону менен катар предметтик олимпиадага, ОРТга жана УТБнун тестине даярдоо колго алынып иш алып барылсын. Жоопкерчилик ОББ К.Абдыракмановага жүктөлсүн.

2. Математика, физика, информатика, музыка, технология жана дене тарбия предметтеринин окутуунун абалы №4 пед.кеңеште каралсын

3. Класс жетекчинин ишмердиги жана класстык тарбия сааттардын өтүлүшүнүн абалы канааттандыраарлык деп табылсын, ошону менен катар кечиккен, себептүү жана себепсиз калган окуучулар менен иштөө, мектепке алып келүүгө тыюу салынган каражаттарды көзөмөлдөө боюнча иштерди жандандыруу класс жетекчилерге жүктөлсүн. Көзөмөлдөө жагы ТИУ. Н.Бекитаевага милдеттендирилсин.

4. Көмөкчү чарбанын иши жакшы деп табылсын.Турсуналиев Шейшендин жана Жунусова Майрамдын көмөкчү чарбага байланыштуу иштериндеги жетишкендиктери баса белгиленсин жана колдо бар каражатты үнөмдүү сарптоо жагы мектептин финансы комиссиясына милдеттендирилсин.

5.1. Предметтик олимпиадага даярдоо учурунда кетирилген кесмчиликтер баса белгиленсин. Келээрки жылда бул кемчиликтерди эске алып иш алпаруу жагы ОББ К. Абдыракмановага милдеттендирилсин.

5.2. ЖРТдаярдоодо кетирилип жаткан кемчиликтер баса белгиленсин. Аларды жоюу жагы ОББ К. Абдыракмановага милдеттендирилсин.

5.3. Өзүн-өзү баалоо жүргүзүү боюнча комиссиянын ишмердүүлүгүнүн натыйжасында топтолгон материалдар АСУЛА системасына жүктөлсүн.

Пед кеңештин төрагасы: Т. У. Исаев

Пед кеңештин катчысы: Качкынбекова Ж. Т.